“БЕКИТЕМИН”
И.Арабаев атындагы КМУнун
Илим, эл аралык коммуникациялар
жана инновация боюнча проректору
пед.и.д., проф. м.а. А.К.Чалданбаева
______________________
“___”______________2024-жыл

**И.Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү нниститутунун Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык укуктук бнлим берүү кафедрасынын 2024-жылдын 7-февралында өткөрүлгөн кеңейтилген отурумунун (№6) протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:** Усупова Н.С. тарых илимдеринин доктору, профессор (07.00.02.), Алымкулова С.К. тарых илимдеринин доктору, профессор (07.00.02.), Бакеева Б.З. - каф. башчы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02), Алымкулов К.А. тарых илимдеринин кандидаты, доцент (01.00.01.), Курумбаева Г.Д. тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02.), Асекова С.У. тарых илимдеринин кандидаты, доцент (07.00.02.), Карасартова Ч.Ж. тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (07.00.02.), Сейдакматов М.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01.), Бекбоева А.К. – социалдык философия илимдеринин кандидаты, доцент (09.00.11), Өмүрова Ж.К. тарых илимдеринин кандидаты, доценттин. м.а. (07.00.02.), Мүсүралиева М.М. - саясий илимдердинин кандидаты, доценттин м.а. (23.00.02), Баястанов Н. - ага окутуучу, Темирбек уулу Идеат - ага окутуучу, Сапарбекова Р.Э. - ага окутуучу, Эсенгулова Г.А. – окутуучу, Тентимишова К.К. - окутуучу, Токтоналиева А. - окутуучу, Ныязбек кызы Айдана – катчы.

**Күн тартибинде:**

**Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү”** деген темадагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын талкуулоо.

Илимий жетекчиси - тарых илимдеринин доктору, профессор Н.С.Усупова.

**Отурумдун төрайымы: тарых илимдеринин кандидаты, доцент, Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билимдерди окутуу кафедрасынын башчысы Б.З.Бакеева:** Урматтуу кесиптештер, бүгүнкү талкууга коюлуп жаткан диссертация 1 ай мурун алгачкы талкуудан өтүү үчүн кафедрага келип түшкөн жана сиздерге окууга таратылып берилген. Диссертациянын кол жазмасы менен баарыңыздар таанышып чыктыңыздар. Диссертант К.А.Курманалиевдин 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган "Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү" деп аталган диссертациясынын темасы биздин кафедрадан бекитилген. Жакында эле диссертанттын жетекчисин алмаштыруу боюнча арызын институттун Окумуштуулар кеңешинде карап, алмаштырып бергенбиз. Жетекчиси т.и.доктору, профессор Усупова Назира Стамбековна болуп бекитилген.

Анда эмесе талкуубуздун ишин баштасак. Ар бириңиздер диссертанттын эмгеги боюнча конструктивдүү сын пикириңиздерди, сунуштарыңыздарды айтсаңыздар, диссертациянын жакшыруусу үчүн салым кошкон болосуздар. Ошон үчүн баарыңыздарды талкууга активдүү катышууга чакырам. Анда бүгүн талкууга коюлуп жаткан темасынын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн диссертант К.А.Курманалиевге сөз берсек.

**Диссертант Курманалиев К.А.:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Бүгүн сиздердин назарыңыздарга "Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү" аттуу темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган илимий ишимди сунуштап жатам. Изилдөөнүн хронологиялык алкагы XX кылымдын 20-30-жылдарын өз ичине камтыйт. Изилдөөнүн предмети аталган мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүндөгү бийлик тарабынан жүргүзүлгөн өзгөрүүлөр жана алардын натыйжалары эсептелет. Ал эми изилдөөнүн максаты, Совет доорунун алгачкы жылдарындагы улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышындагы административдик-аймактык түзүлүштүн тарыхын аныктоо. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан жана он эки бөлүмдөн, алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан, адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат.

1-бапта талдоого алган проблемага көңүл бурган, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектери, тарыхый-архивдик булактар изилденди. Изилденген теманын мазмунун талдоодо Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, ошондой эле Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фондунан XX кылымдын башындагы Орто Азия элдерин улуттук мамлекеттерге бөлүштүрүү жана Кыргызстандын административдик түзүлүшүнө арналган документтер аныкталды.

Теманы изилдөөнүн методологиялык динамикасы хронологиялык тартипте, этап-этабы менен кароого мүмкүндүк берген историзм принциби мамлекеттик саясаттагы өзгөрүүлөрдү, ошондой эле социалдык-экономикалык

чөйрөдө пайда болгон актуалдуу көйгөйлөрдү жыйынтыктоого мүмкүндүк берди.

2-бапта Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу падышачылык империя мезгилинде жүргүзүлгөнү, Совет бийлигинин алгачкы жылдарында партиялык күрөштүн натыйжасында волосттордун бөлүнүшү, айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү аркылуу ишке ашырылышы каралат. Ошону менен бирге жаңы уездди түзүүнүн себептери - аймактардын уезддик борборунан географиялык жактан алыстыгы, транспорттун жана жакшы жолдордун жоктугу, жергиликтүү коммунисттердин даярдыгынын начардыгы, маданий жактан артта калуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөлдүн начардыгы болгону талданат.

3-бапта большевиктердин Орто Азиядагы элдердин өз тагдырын өзү чечүү укугунун негизинде Түрк Республикасын түзүү идеясы жана аны түзүүдөгү топтордун ортосундагы каршылыктар талданды. Кыргыз элинин жок болуп кетүү коркунучун баамдаган кыргыздын чыгаан уулдары А.Сыдыков, И.Арабаевдин демилгеси менен РСФСРдын курамындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын түзүлүшү каралды.

4-бапта ККАОнун эки округдук башкаруунун шартында административдик башкарууда талаптагыдай башкаруу мүмкүн эместиги, башкаруунун кантондук-волостук системасына өтүү жана анын натыйжалары каралат.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат. Сиздердин ой-пикириңиздерди жана кеңешиңиздерди күтөм.

**Бакеева Б.З.:** Жакшы. Диссертантка ыраазычылык билдиребиз. Теманын мазмуну боюнча кыскача маалымат берди. Анда талкуунун алдында суроо-жоопко өтсөк. Кимде суроолор бар?

**Т.и.к., доцент Алымкулов К.А.:** Сизге суроо илимий ишти жазууда кандай усулдарды колдондуңуз?

**Курманалиев К.А.:** Суроoңуз үчүн чоң рахмат. Тарых илиминин методологиясында жалпы жана атайын-тарыхый ар кандай изилдөө ыкмалары бар. Изилдөөнүн бардык этаптарында анализдин жана синтездин, индукциянын жана дедукциянын жалпы ыкмалары колдонулду. Бирок өзгөчө-тарыхый методдор: проблемалык-хронологиялык, салыштырмалуу-тарыхый жана структуралык-функционалдык методдор чечүүчү мааниге ээ болгон. Кандай гана тема болбосун, аны кароодо актуалдаштыруу ыкмасын колдонуу зарыл. Бул ыкманы колдонуу менен бул диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, илимий жана практикалык мааниси далилденди.

Теманы изилдөөдө дагы бир метод – баяндоо, окуяларды жана кубулуштарды, тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн алар жашаган доордун призмасы аркылуу сүрөттөөгө жардам берген баяндоо ыкмасы да колдонулду. Мындан тышкары, маселени комплекстүү кароо максатында материалды хронологиялык тартипте бөлүп алууга жана айкалыштырууга, анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берген проблемалык-хронологиялык ыкма колдонулду.

**Тарых илимдеринин доктору, пофессор Алымкулова С.К.:** Саламатсыздар. Диссертанттын темасы актуалдуу. Менин сизге берүүчү суроом диссертациялык ишиңиздин илимий жаңылыгы кандай?

**Курманалиев К.А.:** Рахмат суроонузга. Кара-Кыргыз автономияуу областынын административдик-аймактык түзүлүшү аныкталды; XX кылымдын административдик аймактык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, багыттары, натыйжалары келечектеги модели үчүн төмөнкүдөй принциптүү жоболор белгиленди: 1) мамлекеттик башкарууну топтоону азайтуу; 2) экономикалык өнүгүүгө багыт алуу; 3) башкарууну реформалоо жана жаңы администрациялык чек аралар экономиканы өнүктүрүү факторлоруна байланыштыруу; 4) социалдык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, анын аспекттерин жаңы чек араларда чечүү аныкталды; 5) изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын административдик-аймактык түзүлүшүнүн мындай тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**Саясий илимдердинин кандидаты, доценттин м.а. Мүсүралиева М.М.** Урматтуу Кубатбек Аманович илимий ишти жазууда кандай булактарды пайдаландыңыз?

**Курманалиев К.А.:** Диссертациялык иште Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин, ошондой эле Борбордук мамлекеттик архивдин саясий документтер фондулары пайдаланылды. Мындан тышкары, Советтик Кыргызстандын улуттук-мамлекеттик курулушуна арналган документтер жыйнактары, массалык маалымат каражаттарында жарык көргөн материалдар колдонулду.

Булактардын көп бөлүгүн Кыргыз Республикасынын архивдик материалдар түздү. Мисалы, Кыргызстандын Борбордук Мамлекеттик Архивинен Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу 1865-1869-жж. болгону жана крайдагы башкарууну уюштуруу жана жаңы волосторду түзүү жөнүндө материалдар талдоого алынган.

Борбордук мамлекеттик архивден Совет бийлиги орногондон кийинки орус кыштактарынын, айылдык жамааттардын өзүнчө административдик түзүлүшүнүн себеби боюнча маалыматтар изилденди. Архивдик материалдардан революциялык комитеттердин ишмердиги, уездерди, волосторду түзүүдөгү топтук карама каршылыктар маалыматтар алынган. Архивдик фонддордон 1924-жылдын 15-ноябрында М.Каменский башында турган райондоштуруу боюнча комиссия түзүлгөнү, комиссия Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын үч бирдиктен турган 1) областтык, 2) округдук, 3) райондук (чоңойтулган) волост бөлүнүшүнүн колдогону, область төрт округка – Пишпек, Каракол-Нарын, Ош, Жалал-Абад бөлүү сунушу, РКП(б)нын Орто Азия бюросунун ККАОнун административдик төрт округга бөлүнүшүн жана Пишпек шаарын убактылуу борбор катары бекиткени тууралуу маалыматтар такталды.

Архивдик фонддордун ар бир иши белгилүү бир темага жана бир нече кошумча маселелерге арналган. Аларда Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын кеңешинин биринчи учредителдик курултайынын материалдары; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын президиумунун

областы төрт районго бөлүү жөнүндөгү жана уюштуруу маселеси боюнча кеңешмесинин протоколдору; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын областык аткаруу комитетинин советтик мамлекетти башкарууда эл массасын кеңири тартуу токтому; Бүткүл россиялык Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун алдындагы Кыргыз Автономиялуу Областынын өкүлчүлүгү жөнүндө жобо; Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын райондоштуруу боюнча комиссиясынын иш аракеттери; Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын райондоштуруу комиссиясынын чек араларды тактоо боюнча кеңешмеси; КАОнун Борбордук мамлекеттик архивинин чектеринде Өзбек ССРи менен РСФСРдин ортосундагы чек араны тактоо долбоору боюнча КАОнун райондоштуруу комиссиясынын кеңешмеси протоколунун көчүрмөсүн, СССР БАКнын райондоштуруу боюнча комиссиясынын Бүткүл Россиялык Борбордук Аткаруу комитетинин алдындагы КАОнун өкүлчүлүгүнө жөнөтүү жөнүндөгү каты; Райондоштуруу боюнча Комиссиянын иши боюнча маалыматтар алынды.

**Бакеева Б.З.:** Урматтуу кесиптештер башка суроолор болбосо, анда талкууга өтө берсек. Сунуш-пикириңиздерди айта берсеңиздер болот.

**Т.и.к., доцент Г.Д.Курумбаева:** Кубатбек Амановичтин "Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү" аталыштагы илимий иши үстүбүздөгү жылдагы Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын 100 жылдык маарекесин белгилөөдө актуалдуу болуп саналат.

Илимий иш менен толук таанышып чыгып төмөндөгүлөрдү сунуш кылат элем:

1. Падышачылык империя мезгилиндеги административдик түзүлүш өзүнчө бир параграф кылып киргизилсе. Анткени 20-30-жылдардагы административдик түзүлүш ушул мезгилде түптөлгөнүн жана совет доорунда кандай өзгөрүүлөр болгону салыштырылса;
2. III баптын башталышында уезд, округ, кантон деген терминдерге түшүнүк берилип кетсе;
3. IV баптагы 1925-1926-жылдардагы кантондук башкаруу системасынын жоюлушунун себеби эмнеде экени көрсөтүлсө;
4. Корутундуда Кыргызстандын административдик аймактык түзүлүшүндө "уруулук факторлор" эске алынса, Совет бийлигинин саясатына баа берилсе.

Жыйынтыктап айтканда, бул диссертациялык иш УАК тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет. Жалпысынан эмгекти жакшы деп баалайм, аны коргоого сунуш кылса болот деп эсептейм.

**Т.и.к., доцент С.У.Асекова:** Кубатбек Амановичтин "Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү" боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхындагы өзүнүн баасын жоготпогон актуалдуу темадан.

Диссертациялык ишти окуп чыгып төмөндөгүдөй сунуштар, менен кемчиликтерди белгилеп кетүүгө болот.

1. “XX кылымдын башы” деп каралгандан кийин Түркстан АССРине чейинки административдик-аймактык түзүлүшкө тарыхый өбөлгө катары маалымат берилсе болмок. Кандай кылган күндө да Падышалык Россиянын курамында болгон учурда аймактык түзүлүштүн киргизилишин чоң өзгөрүү катары баалайбыз.
2. Иш аймактык-административдик түзүлүш, административдик-аймактык аталыш менен чектелсе. Экономиканы кеңири айтуунун кажети жок.
3. Негизги параграфтагы киришүү (башталышы) жана жыйынтыгы диссертантын көз карашы болушу керек. Негизиги иштин башталында (2-бап) 2.1.) ссылка менен башталганы болбой калган.
4. Параграфтарды жыйынтыктап жатканда сөзсүз тыянак чыгаруу керек.
5. 1920-жыл Түркстан крайы деп берилген Край 1886-жылдан 1918-жылга чейин болгон.
6. Автономдуу Республика кандай мыйзам менен иштеген. (Биринчи Конституция)
7. Сүйлөмдөрдө жыйынтыксыз аяктаган тексттер кездешет (65-бет, 96-бет).
8. Уездердин курамындагы айылдардын аталышы берилсе. Мисалы, Сталин району, Муканчин..... Репрессиялангандар боюнча маалымат киргизилип жатканда көп бейтааныш айылдардын аталышы кездешет.
9. 2.3. праграфта 4 эле уезд жөнүндө маалымат берилген. Түштүк аймактагы уездер жөнүндөгү маалыматтар кездешпейт.
10. Берилген тиркемедеги таблицада жылды көрсөтүү.
11. “Верст” түшүнүгүнө болжол менен узундук бирдигин көрсөтүү.

Жалпысынан диссертациялык иш Кыргыз Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын талабына жооп берет, ишти коргоого сунуш кылса болот. Мен бул ишти толук колдойм.

**Ф..и.к., доцент А.К.Бекбоева:** К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аталыштагы илимий иши азыркы күн үчүн актуалдуу жана учур талабына ылайык.

Изилдеп жаткан теманын баптары, параграфтары бири-бири менен байланыштуу, жогорку илимий деңгээлде берилген. Изилдөөчү ушул учурга чейинки окуу-методикалык адабияттарга терең илимий анализ жүргүзүп, архивдик документтер ирээттүү, учур талабына ылайык сабаттуу чагылдырган.

Диссертациялык иште талдоого алган проблемага көңүл бурган, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун эмгектерин, тарыхый-архивдик булактар аныкталган.

Ошону менен бирге изилдөөдө орун алган төмөнкүдөй кемчиликтерге көңүл бурулса деп сунуш кылам:

- I баптын 3-параграфына администртивдик түзүлүшкө каршы болгон өзбек айылдарынын көтөрүлүштөрү жана Суусамыр кыргыздарынын

чатактары тууралуу маалыматтарды кошуу зарыл. А.Сыдыковдун пикири боюнча Пишпектин борбор болуп калуусун архивдик маалыматтар менен тастыктоо;

- тексти грамматикалык эрежелердин негизинде редакциялоо, техникалык оформлениесине көңүл буруу жана пайдаланылган адабияттардын тизмесин библиографиялык талаптарга ылайык иштеп чыгуу.

Жалпысынан эмгекти жакшы деп баалайм, аны коргоого сунуш кылса болот деп эсептейм.

**Т.и.к., доцент Б.З.Бакеева:** Биз талкуулап жаткан диссертациянын акталдуулугунда эч талаш жок. Диссертациялык эмгек ар тараптан жеткиликтүү иштелген. Автор коюлган максаттарды толук ачып бере алган. Ошондой изилдөө ишинде ошол мезгилдеги Казакстан, Өзбекстан менен болгон чек ара маселелери боюнча архивдик маалыматтар менен толукталып чыкса. Техникалык жана грамматикалык жагына көңүл бурулса.

Диссертациялык ишти коргоого сунуш кылса болот. Мен бул ишти толук колдойм.

**Т.и.к., доценттин м.а. Ч.Ж.Карасартова:** Кубатбек Амановичтин илимий иши азыркы мезгилде абдан актуалдуу болуп саналат. Анткени азыркы мезгилдеги административдик реформаны жүргүзүүдө 20-30-жылдардагы административдик түзүлүштөгү ийгиликтер жана кемчиликтер эске алынат деп ойлойм. Диссертациялык ишти коргоого сунуш кылам.

**Т.и.к., доценттин м.а. Ж.К.Өмүрова:** Изилдөө ишиңиз темага дал келет. Бүгүнкү күндө эң актуалдуу тема деп айтсак болот. Эмгектин мазмуну структурасы боюнча логикалык тизмектүүлүктө берилген. Диссертациялык ишти мен толук бойдон колдоп, коргоого сунуш кылам.

**Ага окутуучу Баястанов Н.:** Кубатбек Аманович диссертацияңызды ачык коргоп алыныз. Ийгиликтерди каалайм.

**Б.З.Бакеева:** Урматтуу коллегалар, башка кошумча пикир же сунуштар жок болсо талкууну жыйынтыктоонун алдында диссертантка кайрадан сөз берсек.

**Курманалиев К.А.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары, сиздердин талкууңуздарга коюлган диссертациянын кол жазмасын окуп, баалуу сунуш-пикирлерди бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Диссертациялык жумушумду алгачкы жолу талкууга коюп жатам. Ошондуктан, сиздер айткан сын-пикирлерди туура кабыл алып, дисссертациялык ишти мындан ары сапаттуу багытта өзгөртүүгө аракет кылам жана кемчиликтерди жоюуга толук аракетимди жумшайм. Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдирем. Баарыңыздарга чоң рахмат!

**Б.З.Бакеева:** Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы – диссертациянын кол жазмасын айтылган сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштоо болду. Ачык добушка коем. Талкууга катышкандардын ичинен баары – 18

киши - диссертациянын кол жазмасын айтылган сын пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуштоого “макул” болушту. “Каршы” - жок. “калыс” -жок.

И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын 2024-жылдын 7-февралында өткөрүлгөн (протокол №6) кеңейтилген отуруму Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасы боюнча

## БҮТҮМҮ

**1. Теманын актулдуулугу.** Курманалиев Кубатбек Амановичтин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген аталыштагы диссертациясы актуалдуу темага арналган.

Бүгүнкү күндө объективдүү талдоону талап кылган актуалдуу маселелердин бири – кыргыз элинин адегенде автономиялуу област, автономия, андан кийин союздук республика статусундагы мамлекеттүүлүгүнө ээ болуу маселеси жана мамлекеттүүлүк мезгилиндеги Кыргызстандын административдик түзүлүшү. Булар 1991-жылы мамлекеттик суверенитетти алуу үчүн укуктук негиз болуп калган ырааттуу кадамдар эле.

Азыркы учурда региондорду өнүктүрүүдө чоң диспропорциялар, башкаруу деңгээлдеринин ортосунда башкаруучулук ажырым, региондор аралык байланыштын начардыгы, ресурстардын борбордо топтолушу жана региондордун декапитализациясы белгиленген.

Мамлекеттик курулуштун өткөн жылдардагы тарыхый тажрыйбасын изилдөө азыркы реалдуулукту эске алуу менен аны бүгүнкү күндө пайдалануу жагынан оң рөль ойношу мүмкүн. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик курулуштун актуалдуу көйгөйлөрү XX кылымдын 20-30-жылдарында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнүн жүрүшүндө келип чыккан жана чечилген көйгөйлор менен көп жагынан шайкеш келет.

Диссертациялык иште ушул көгөйлөрдү эске алуу менен, административдик түзүлүштүн тарыхын изилдөө аракети кылынган. Учурдагы ушул маселелерди чечүүнүн бир жолу мамлекеттүүлүк түзүлүшүнүн алгачкы кадамдарын изилдөө менен бай тажрыйбасын аныктоо жана учурда колдонуу болуп эсептелет.

**Диссертацияда берилген жыйынтыктарды алуудагы изденүүчүнүн конкреттүү жеке салымы.** Диссертациянын темасы боюнча архивдик материалдар аныкталып, алардын айрымдары илимий чөйрөгө биринчи жолу киргизилди. Мындан тышкары, каралган мезгилдеги административдик-аймактык түзүмүнүн калыптануу процесстеринин этаптары аныкталып, алардын тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**2. Изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүк даражасы жана жаңылыгы.**

– мурда жарыяланган эмгектердин, архивдик жаңы маалыматтардын негизинде Кыргызстандын Түркстан АССРнин курамындагы аймактык түзүлүшү такталды;

– Кара-Кыргыз Автономияуу Областынын административдик-аймактык түзүлүшү аныкталды;

– Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдардагы административдик-аймактык түзүлүшүнө байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий диссертациянын деңгээлинде изилденди жана илимий айлампага киргизилди;

– XX кылымдын административдик-аймактык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, багыттары, натыйжалары келечектеги модели үчүн төмөнкүдөй принциптүү жоболор белгиленди: 1) мамлекеттик башкарууну топтоону азайтуу; 2) экономикалык өнүгүүгө багыт алуу; 3) башкарууну реформалоо жана жаңы администрациялык чек араларды экономиканы өнүктүрүү факторлоруна байланыштыруу; 4) социалдык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, анын аспекттерин жаңы чек араларда чечүү аныкталды;

– Изилденип жаткан мезгилдеги Кыргызстандын администртивдик-аймактык түзүлүшүнүн мындай тез-тез өзгөрүшүнүн себептери аныкталды.

**3. Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

Илимий изилдөөнүн материалдары жана корутундулары Кыргызстандын коомдук-саясий тарыхын, административдик аймактык түзүлүшүнүн, башкаруу системасынын тарыхын толуктоодо жана илимий иштерди жазууда жардам берет. Окуу жайларда Кыргызстан тарыхы боюнча сабактарда да колдонсо болот.

Мындан тышкары, диссертациялык иштин маалыматтары учурдагы Кыргыз Республикасында административдик түзүлүштү реформалоо жолунда бир нече аспектилерди эске алына турган көрсөтмө катары колдонсо болот.

**4. Изденүүчүнүн илимий иштеринин баалуулугу.** Изилдөө ишинин баалуулугу КР Борбордук мамлекеттик архивиндеги, КР Борбордук саясий документтер архивиндеги маалыматтарды илимий айлампага киргизүү менен Кыргызстандын XX кылымдын 20-30-жылдарындагы административдик – аймактык түзүлүшүнө илимий анализ кылынгандыгы болуп эсептелет.

**5. Диссертациянын адисттикке туура келиши.** К.А. Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы кандидаттык диссертациясында алынган жыйынтыктар менен натыйжалар 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистигине туура келет.

**6. Изденүүчү тарабынан жарыяланган эмгектердеги диссертациянын материалдарынын толук чагылдырылышы.** Курманалиев К.А. диссертациялык ишинин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ЖАК сунуш кылган талаптарга, о.э. КР “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү Жобого”

ылайык 7 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен 2 макала РИНЦке кирген илимий журналдарга жарыяланган:

1. Кыргызстандын 1918-1924-жылдардагы аймактык түзүлүшү // Известия ВУЗов Кыргызстана, №2. - Б., 2023.- 192-196-б
2. Түркстандын жана анын курамындагы Кыргызстандын аймактык түзүлүшүнүн шарттары (1917-1920-жылдар) // Известия ВУЗов Кыргызстана №2. –Б., 2023. - 197-201-б.
3. 1919-1921-жылдарда Кыргызстандын аймагында жыңы уездерди түзүүнүн себептери жана ишмердүүлүгү // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана №6, 2023. - 236-240-б.
4. Административно-территориальная структура Кара-Кыргызской Автономной области // Российская наука и образование сегодня: Проблемы и перспективы №6 (54), 2023.- С.10-14.
5. Изменения в административной структуре Кыргызстана в условиях перехода к кантонной системе управления (1925-1930 гг.) // Российская наука и образование сегодня: Проблемы и перспективы №6 (54), 2023. - С.5-9.
6. Орто Азия элдерин улуттук-мамлекеттик бөлүштүрүүдөгү идеологиялык күрөш (1920-1924-жж.) // Вестник Кыргызстан № (2), 2023.
7. Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын түзүлүшү // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. № 1, 2024.

**7. К.А. Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү”** деген темадагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы ачык коргоого сунуш кылынат жана Курманалиев К.А. “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү деген темадагы диссертациялык ишинин кол жазмасы КР “Окумуштуулук даража боюнча жобосунун” 11 пункутунда белгилеген: “билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши” квалификациялык белгисине туура келет.

И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун Жалпы тарых жана социалдык-экономикалык укуктун билим берүү кафедрасынын 2024-жылдын 7-февралындагы өткөрүлгөн (протокол №6) кенейтилген отуруму Курманалиев Кубатбек Амановичтин Ата Мекендин тарыхы адистиги боюнча “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ кабыл алат:**

1. К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы боюнча бүтүм бекитилсин.
2. К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген деген темадагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКнын талаптарына жооп берет жана ачык коргоого сунушталат.
3. К.А.Курманалиевдин “Кыргызстандын XX кылымдын башындагы административдик-аймактык түзүлүшү” деген темадагы диссертациясы боюнча 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча кандидаттык минимум экзамендин кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы:** **Бакеева Б.З.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

**Жыйындын катчысы:** **Ныязбек кызы Айдана**

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕР...
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ